Бишкек шаары

Биринчи май району

№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби

# Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси

## Кептик тема: Мен келечекте ким болгум келет?

## Грамматикалык материал: Этиштин жекелик жана көптүк санын бышыктоо

Класс: 6 б

**Болотканова Чынара Жаныбековна**

2018-2019- окуу жылы

**Сабактын кептик темасы**:**Мен келечекте ким болгум келет?**

**Сабактын грамматикалык темасы**:**Этиштин жекелик жана көптүк санын бышыктоо.**

**Сабактын тиби**: Билимдерди бышыктоо,билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы.

**Сабактын максаты**:

**Тилдик:** Окуучулар  этиштин жекелик жана көптүк санын кайталап,аларды өз ара айырмалап ,бышыкташат.

**Кептик**: Ар кандай кесиптер жөнүндө сүйлөшүү менен,кеңештерди окуу менен окуучулардын ой жүгүртүүсү,сүйлөө кеби өнүктүрүлөт.

**Социо-маданий**:Келечектеги кесибин тууура тандоого багыт алышат. Биргелешип  иштөө аркылуу окуучулар өз ара мамиле түзүүгө,ынтымактуу иштөөгө үйрөнүшөт.

***Сабактын формасы:Жекече иштөө, жупта иштөө,топто иштөө.***

***Сабактын ыкмасы***: Практикалык жана изденүү ыкмасы

**Сабактын жабдылышы**: проектор,ноутбук,ватман,түрдүү түстөгү маркерлер,окуу китеби.

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуруу учуру**

Учурашуу .

Окуучулардын маанайын сурамжылоо.

***Баалоо критерийлери*** менен тааныштыруу.

| № | Окуучулардын аты ,жөнү | активдүүлүгү | Оюн так,туура айта алгандыгы | Топтогу иши | Үй тапшырмасы | Грамматмат билүүсү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

Топторго 1,2,3 деп саноо аркылуу бөлүнүү.

**Үй тапшырмасын текшерүү:**

50-көнүгүү”  Ата-энемдин кесиби”айтып берүү

**Жаңы сабак:**

Балдар,доскадагы ырды окуу менен сабагыбызды баштайлы.

Кана,ким окуп берет?

***Жылдан-жылга чоңоюп жатам***

***Жакында он жетиге толом***

***Каякка барып иштейм?***

***Эмне менен алектенем?***

Эми ушул ырдагы **этиш сөздөрдү көптүк санга айлантып** дагы бир жолу окуп бергиле.

Демек ,балдар,бүгүнкү сабакта эмне жөнүндө сүйлөшөбүз деп ойлойсуңар?

Окуучулардын жообу ....

Мугалим:Азаматсыңар,туура таптыңар.

Бүгүнкү биздин темабыз:**Мен келечекте ким болгум келет?( Этиштин жекелик жана көптүк санын бышыктоо)**

***Сабагыбыздын максаты: Этиштин жекелик жана көптүк санын кайталап,бышыктайбыз.***

***Ар түрдүү кесиптер жөнүндө сүйлөшөбүз.***

***Келечектеги кесибиңерди туура тандоого багыт аласыңар***

Кесипти тандоо оңой иш эмес,туурабы,балдар?

Кесип,эмгек жөнүндө кандай макал-ылакаптарды билесиңер?

Мага айтып бергилечи.

М:Кесибиңди сүйсөң,ишиң **ийгиликтүү** болот.

Эмгектен бакыт тапкан адам—**чыныгы** сулуу адам.

Эмгек **даңкка** жеткизет.

Эмгек бар жерде **жылыш** бар,жылыш бар жерде **ырыс** бар.

Эмгектин наны таттуу,**жалкоонун** жаны таттуу.

1) **51-көнүгүү.**
   Силер келечекте ким болгуңар келет? Эмне үчүн? Жуптарда сүйлөшүп ,ойлоруңар менен класста бөлүшкүлө.

Азаматсыңар, анда эмесе биз кээ бир балдардын кесипти тандоо жөнүндө ойлору менен таанышалы

**2) 53- көнугүүну карагыла**.

А)Окуп ,түшүнүп,сүйлөмдөрдү уланткыла:

Ал ............... болгусу келет,анткени......

Б)Этиштерди таап, иш-аракетти көптүк түрдө билдиргиле.

М: иштегим келет-иштегибиз келет

( Ватманда жазылган сүйлөмдөрдү,этиш сөздөрдү топтор чынжырча аркылуу текшерип ,акырында өзүлөрүнө оңдолгон ,толукталган тапшырмалары тиет)

**3)** Эми балдар" Кесипти кантип туура тандоо керек " деген кеңешти окуп чыгалы да ,ар бир топтогулар түшүнгөнүңөрдү айтып бересиңер.

**Слайд**

***55-көнугүү***

***Кесипти кантип туура тандоо керек?***

Кесипти туура тандоо үчүн,биринчиден ,өз **мүмкүнчүлүктөрүңөрдү** жана **өнөрлөрүңөрдү** баалоо керек.Көп учурларда силерге жаккан окуу предметтер же **кызыгуулар** кесипти тандоодо **негиз** болушу мүмкүн.

Экинчиден ,**адистерден** кеңеш,**сунуш** сурап жана алар иштеген жакка барып көрүш керек.Ар кайсы жерлерге барып ,көргөнүңөрдү салыштыргыла.Силер күткөн нерселерге **дал келдиби** же жокпу деп **талдап көргүлө** .Ата-энеңер жана мугалимдер менен кеңешкиле.

Үчүнчүдөн ,өзүңөрдүн **мүнөзүңөрдү** жана **темпераментти**,жашоо темпти баалоо

жүргүзгүлө.Тандаган кесип өзүңөргө туура келиши керек

Белгиленген сөздөрдү окуп жаткан учурда семантизациялап,которуп,синоним,антонимдерин таптыруу керек.

**4**)Балдар,азыркы учурда Кыргызстанга кайсы кесиптер керек деп ойлойсуңар?

**Кыргызстанга керектүү кесиптер кластер түздүрүү.**

Эми түзгөн кластериңер менен слайддагы кесиптерди салыштыргыла.

**Слайд: Азыркы учурда Кыргызстанга төмөнкү кесиптер керек**

Тобуңар менен кеңешип, бир кесипти тандап алып изилдөө жүргүзгүлө.Таблицаны толтургула. Презентациялагыла.

| Кесиптин аталышы | Эмне үчүн бул кесип керек? | комментарийлер |
|---|---|---|
| М: Мугалим | Балдарга билим бериш үчүн | Мугалимсиз элдер сабатсыз болгон |
| | Элдер сабаттуу болуш үчүн | Сабатсыз элдин малдан айырмасы аз болот |
| | Сабаттуу элдин жашоосу жакшы болот | Мугалимдин эмгеги начар бааланат,жумушу аябай оор,көп эмгектенүү керек. |
| | | Эмгек акысы да аябай аз. |

| | | |
|---|---|---|
| Корутунду: Кыргызстанга.......кесиби керек,анткени...... | | |

**Жыйынтыктоо:** балдар,бүгүнкү сабакта силер эмнеге үйрөндүңөр? Айтып бергилечи.

- Кесипти тандоо жөнүндөгү ойлорду окудук.

- Этиш сөздөрдү таптык,иш –аракетти көптүк түрдө билдире алдык.
- Кесипти туура тандоо тууралуу кеңешти окуп ,түшүндүк.
- Кыргызстанга кайсы кесиптер керек экендиги жөнүндө изилдөө жүргүздүк.
- Бүгүнкү сабак силердин кесип тандоо жөнүндөгү ойлоруңарга өзгөртүүлөрдү киргиздиби?

  **Үй тапшырмасы**: ***Тандаган кесибиңердин татыктуу ээси болдуңар дейли.Буга кантип жетишкениңер жөнүндө журналисттин суроосуна жооп жазып келесиңер.***



